**УДК: 37.01:00737.01**

***Израйилова А.А.***
*аспирант Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Момуналиев С.***
*д.п.н., профессор Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## АНГЛИС ТИЛИНИН ГРАММАТИКАЛЫК КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ИНТЕРНЕТ РЕСУРСТАРЫН КОЛДОНУУ

*Бул макалада изилдөөнүн предмети англис тилин окуп-үйрөнүүдөгү маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын интернет ресурстарын колдонуу ыкмалары колдонулду. Изилдөөнүн максаты окуучулардын чыгармачылык иштерин акысыз жана ыкчам басып чыгаруу мүмкүнчүлүгү дүйнөнүн алдыңкы методисттери тарабынан иштелип чыккан сабак пландары, окутуунун эң акыркы технологияларынын деталдуу сүрөттөлүшү, нукура окуу комплекстерин түзүүчү авторлордун кеңештери, өз деңгээлин дайыма жогорулатуу, тилди билүү, чет жана орус тилдери боюнча кесиптештер менен тажрыйба алмашуу (виртуалдык методикалык бирикмелер), алар менен англис тилинде баарлашуу. Изилдөөнүн жыйынтыгында чет тилдерди үйрөнүүдө жаңы инновациялык технологияларды пайдалануунун жардамы эч күмөнсүз жана англис тилинин грамматикасын окутууда чыгармачылык процесске айлантып берүүчү чоң потенциал экени далилденди. Мындан тышкары, кептин грамматикалык жагын окутууда телекоммуникациялык технологияларды билим берүү процессине киргизүүнүн максатка ылайыктуулугунун маанилүү аспектиси болуп окуучулардын өз ара инсандар аралык байланышты текст, үн жана сүрөт түрүндөгү билдирүүлөр менен ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу аныкталды.*

***Негизги сөздөр:*** *электрондук почта; маалымат; үн; баарлашуу; долбоор; телекоммуникация; тестирлөө; тилдер; инновация; окутуу; интернет.*

## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИНТЕРНЕТ-РЕСУРСОВ В ФОРМИРОВАНИИ ГРАММАТИЧЕСКИХ НАВЫКОВ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА

*В статье рассмотрены переписка по электронной почте со сверстниками-носителями языка и изучающими английский язык как иностранный в других странах (современный, живой язык, оперативность информации, возможность изучения другой культуры, получать знания из «первых рук»). Участие в текстовых и голосовых чатах. Использованы методы интернет-ресурсов информационно-коммуникационных технологий для изучения английского языка. Участие в телекоммуникационных международных проектах. Участие в телекоммуникационных конкурсах, дистанционных олимпиадах возможность получить объективную оценку знаний, самоутвердиться, подготовиться к экзаменам, участию в других видах конкурсов и олимпиад, тестировании. Возможность оперативной бесплатной публикации творческих работ учащихся - повышение мотивации. Получение самообразования на курсах бесплатного или платного дистанционного обучения. Кроме того, определены важность аспектов целесообразности включения телекоммуникационных технологий в учебный процесс при обучении грамматической стороне речи является то, что учащиеся получают возможность осуществлять между собой опосредованное межличностное общение в рамках заданных грамматических тем или речевых ситуаций, передавая друг другу сообщения в виде текста, звука и изображения, обеспечивая тем самым устойчивую мотивацию познавательной деятельности.*

***Ключевые слова:*** *электронная почта; звуки; иностранный язык; инновация; интернет; телекоммуникация; тестирование; общение; обучение; проект.*

## USING INTERNET RESOURCES IN FORMING ENGLISH GRAMMATIC SKILLS

*The article describes the methods of using Internet resources of information and communication technologies for learning English. E-mail correspondence with peers who are native speakers and learn English as a foreign language in other countries (modern, live language, promptness of information, the opportunity to study another culture, gain first-hand knowledge). Participation in text and voice chats.*

*Participation in international telecommunications projects. Participation in telecommunications competitions, distance Olympiads, an opportunity to obtain an objective assessment of knowledge, to assert oneself, to prepare for exams, participation in other types of competitions and olympiads, and testing. The possibility of prompt free publication of students' creative works is an increase in motivation. Obtaining self-education in free or paid distance learning courses. In addition, the importance of aspects of the expediency of including telecommunication technologies in the educational process when teaching the grammatical side of speech is determined, that students get the opportunity to carry out mediated interpersonal communication among themselves within the framework of given grammatical topics or speech situations, passing messages to each other in the form of text, sound and images, thereby providing sustainable motivation for cognitive activity.*

***Keywords:*** *e-mail, sounds, foreign language, innovation, Internet, telecommunications, testing, communication, training, project.*

**Изилдөөнүн максаты жана милдети** англис тилинин грамматикалык көндүмдөрүн калыптандырууда интернет ресурстарын колдонуу боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Киришүү.** Мектепте англис тилин окутуу үчүн Интернеттин мүмкүнчүлүктөрүн жана ресурстарын пайдалануу кандайдыр бир деңгээлде кеңири колго алынган: буга электрондук почта аркылуу башка өлкөлөрдүн мектеп окуучулары менен кат алышуу, биргелешкен телекоммуникациялык долбоорлорду түзүү жана жүзөгө ашыруу, китептерди түпнуска тилинде окуу, ар кандай сынактарга жана олимпиадаларга катышуу, тексттик жана үн чаттарда баарлашуу, билим берүү жана көркөм өнөр сайттарында балдардын чыгармачыл чыгармаларын жарыялоо жана алар жөнүндө дүйнө жүзү боюнча пикирлерди алуу сыяктуу бир топ мүмкүнчүлүктөр кирет [1,3,6].

Мында байланышты жөн гана имитациялоо эмес, эки же андан көп маданияттын ортосундагы кызыктуу диалог түзүлө тургандыгын өзгөчө белгилеп кетсе туура болчудай [5]. Ал эми долбоорлор регионалдык аспектти козгогон учурларда мектеп окуучуларынын жалпы билими кеңейет, окууга болгон кызыгуу күчөйт, ар кандай предметтердин арасында бири-бирине сиңип кетүү жана таасир этүү аракети орун алат [2]. Бардык курактагы жана деңгээлдеги окуучулар Интернетти колдонууга байланышкан бардык иш-чараларга катышат [7]. Предметке болгон таанып-билүүчүлүк кызыгууну өнүктүрүү процесси жүрөт. Тилдик жана маданий тоскоолдуктар жарым-жартылай же толук жоюла баштайт, окуудагы көрсөткүчтөр жакшырат, окуучуларда өз жөндөмдүүлүктөрүнө ишеним пайда болот [4].

**Талкуулоо.** Тилдин грамматикасын окутууда Интернеттин мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануунун конкреттүү жолдору жөнүндө сөз жүргөндө, төмөнкү багыттардын эффективдүүлүгү жогору экендигин белгилей кетүү керек:

Башка өлкөлөрдө эне тилинде сүйлөгөн жана англис тилин чет тил катары үйрөнгөн курбалдаштар менен электрондук почта аркылуу кат алышуу (заманбап, жандуу тил, маалыматтын тездиги, башка маданиятты үйрөнүү мүмкүнчүлүгү, түздөн-түз билим алуу):

1. Жазуу жүзүндөгү жана үн аркылуу баарлашуу бөлмөлөрүнө (чаттарга) катышуу;
2. Эл аралык телекоммуникациялык долбоорлорго катышуу. Бул багыт тилди колдонуу деңгээлин жогорулатууга, жалпы көз караштын өнүгүшүнө алып келет жана конкреттүү долбоорду ишке ашыруу үчүн зарыл болгон атайын билимдерди алууну камсыздайт;
3. Телекоммуникациялык сынактарга, дистанттык олимпиадаларга, тестирлөөгө катышуу – билимди объективдүү баалоо, өзүн ырастоо, экзамендерге даярдануу, сынактардын жана олимпиадалардын башка түрлөрүнө катышуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Терс психологиялык учурдун жоктугу, реалдуу кырдаалдарда окуучуларга мүнөздүү болгон коркуу сезими. Эл аралык сертификаттарды алуу;

4. Окуучулардын чыгармачылык иштерин акысыз жана ыкчам басып чыгаруу мүмкүнчүлүгү мотивациянын жогорулашына өбөлгө жаратат, андыктан өзүн-өзү ырастоо үчүн өспүрүмдөргө абдан зарыл;

5. Акысыз же акы төлөнүүчү дистанттык окуу курстарында өз алдынча билим алуу, анын ичинде алдыңкы британиялык, америкалык жана башка чет өлкөлүк окуу жайларында окутуу калктын орто жана аз камсыз болгон катмары үчүн эң актуалдуу;

6. Окуучулардын билиминдеги боштуктарды толтуруу үчүн дистанттык курстарга жана грамматикалык маалымдамаларга (1-таблица) кайрылуу, грамматикалык көндүмдөрдү калыптандыруу жана өркүндөтүү;

7. Лингвистикалык жана аймактык материалдардын көптүгү, дүйнөнүн алдыңкы методисттери тарабынан иштелип чыккан сабак пландары, окутуунун эң акыркы технологияларынын деталдуу сүрөттөлүшү, нукура окуу комплекстерин түзүүчү авторлордун кеңештери, өз деңгээлин дайыма жогорулатуу, тилди билүү, чет жана орус тилдери боюнча кесиптештер менен тажрыйба алмашуу (виртуалдык методикалык бирикмелер), алар менен англис тилинде баарлашуу жана буга студенттерди тартуу мугалимдер үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратат (1- таблица).

1-таблица. Грамматика жана грамматикалык маалымат китепчелери боюнча аралыктан сабак берүүчү интернет-сайттары.

| **Сайттын электрондук дареги** | **Сайттын мазмуну** |
|---|---|
| enative.narod.ru/theory/grammar.htm | «Native English» сайтында Сергей Соловьев тарабынан сунушталган Англис тилинин грамматиксынын курсу. |
| www.gsu.edu/~wwwesl/egw/verbprep.htm | Бул сайт грамматиканын айрым суроолорун, башкача айтканда, этиш менен байламтанын ортосундагы байланышты ачып көрсөтүүгө багытталган. |
| www.ucl.ac.uk/internet-grammar | Англис тилинин интернет-грамматикасы. Грамматиканын толук курсу. Авторлордун пикирине ылайык жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган. Окуу курсу түзүмүнүн жөнөкөйлүгү жана логикалуулугу, тилдин жеткиликтүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Орто мектептердин мугалимдери жана окуучулары үчүн да ылайыкташкан. |
| www.english.language.ru/lessons/index.html | Англис тилинин грамматикасы боюнча акысыз сабактар. |
| www.english-at-home.com/dir/English_Grammar | Ушул шилтеме өзгөчө сунушталат. Курстун эки бетинде англис тилинин грамматикасы боюнча эң пайдалуу жана кызыктуу сайттардын деректери топтолгон. Грамматикалык материалдардан |

| | |
|---|---|
| | тышкары алардын көпчүлүгүндө көнүгүүлөр жана сыноолор камтылган. |
| www.study.ru/lessons/index.shtml | Көнүгүүлөр менен коштолгон грамматика боюнча сабактар. Курстун өзгөчөлүгү –жооптордун тууралыгы дароо текшерилгендигинде. Материал өзалдынча окуп жаткан окуучулар жана тилди жаңыдан үйрөнүп жаткандар үчүн пайдалуу болушу мүмкүн. Бардык түшүндүрмөлөр жана комментарийлер орус тилинде берилген. |
| www.webster.commnet. edu/grammar | Окуу материалынын татаал уюштурулушу менен өзгөчөлөнгөн грамматикалык маалымдама. Көптөгөн көнүгүүлөр жана сыноолор камтылган. Түшүнүү поцессине интерактивдүү көзөмөл жүргүзүү. Талап кылынган ар кандай грамматикалык материалдарды издөө мүмкүнчүлүгү. Маалымдама түзүмүндө атайын суроо-жооп бөлүмү камтылган, анда грамматика боюнча ар кандай суроо берип, ага жооп алууга болот. |
| www/edufind.com/english/grammar | Грамматикалык колдонмо. Алфавит боюнча издөө. Теориянын көлөму анча чоң эмес, артыкчылык мисалдарга берилген. Абдан ачык жана түшүнүктүү дизайн. Чет тили катары англис тилин үйрөнүп жаткандарга арналган. |

Мындан тышкары, кептин грамматикалык жагын окутууда телекоммуникациялык технологияларды билим берүү процессине киргизүүнүн максатка ылайыктуулугунун маанилүү аспектиси болуп окуучулардын өз ара инсандар аралык байланышты текст, үн жана сүрөт түрүндөгү билдирүүлөр менен ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу саналат.

2-таблица. Англис тилинин грамматикасы боюнча интернет-сайттардын даректери.

| **Интернет-сайттын аталышы** | **Интернет-сайттын дареги** |
|---|---|
| Adverb Order | http:/www.ihes.com/Sresource/ |
| The Collective Noun Page | http://www.ojohaven.com/collectives/ |
| Common Errors in English | http://www-personal.umich.edu/~cell is/antagonym |
| An Elementary Grammar | http://www.hiway.co.uk/~ei/ intro.html |
| Elements of Style, by William Strunk | http://www.columbia.edu/acis/bartl-eby/strunk/ |
| Eleven Rules of Grammar | http://www.concentric.net/-rag/writing.shtml |
| English Grammar Links for ESL | http://www.gl.umbc.edu/-kpokoyl/grammar1.htm |
| ESL Grammar Notes: Articles | http://www.fairnet.org/agencies/lca/grammar2.html |
| ESL Grammar Notes: Countable and | http://www. fairnet.org/aftencies/lea/grammar1.html |
| ESL Grammar Notes: Verb Tenses | http://www. fairnet.org/agencies/lea/grammar3.html |
| Grammar and Style Notes | http://www.english.upenn. edu/~jlynch/Grammar/ |
| Grammar Help | http://www.hut.fi/-rvilmi/ help/grammar_help/ |
| The Grammar Lady | http://www.grammarlady.com/ |
| Gender-free Pronoun FAQ | http://www. lumina.net/OLD/gfp/ |
| ESL Help Center | http://www.pacificnet.net/~sperling/wwwboard2/ww |
| Irregular Verbs in English | http://www.library.pitt.edu/-coops/verbs.html |
| On-line English Grammar | http://www.edunet.com/english/grammar/toe.html |
| The Present Perfect | http://www.ihes.com/Sresource/Sstudy/ |
| Sentence Structure: Simple Sentences | http://www.ihes.com/Sresource/Sstudy/ |

| | |
|---|---|
| Teaching Grammar | http://www.geocities com/ SiliconValley/2 527/ |
| Grammar Clinic | http://www.ludbury.co.uk.grammar/ |
| Grammar Hotline Directory | http://www.tc.cc.va.us/vabeach/writcent/wchome/htm |
| Combine Your Grammar and Poetry | http://www.home.sn.no/~andreasl/gram-po.htm |
| Assessment and Evolution on the | http://www.cua.edu/www/eric_ae/intbod.htm |
| The language Tester's Guide to | http://www.surrey.ac.uk./ELI/cyber.txt.html |
| Language Tester | http://www.ling. |
| Language Tests for English Language | http://www.tcom.ohiou.edu/OU_Language/english/tes |
| Resources in language Testing | http://www.surrey.ac.uk/ELI/ltr. html |

Окуучулардын телекоммуникациялык долбоорлордо жемиштүү жана рецептикалык грамматика ыкмаларын («conferencing via e-mail») түзүүдө катышуу маселелери өзгөчө көңүл буруууга татыктуу.

Телекоммуникациялык долбоорлорду тилдик (лингвистикалык), культурологиялык (өлкө таануу) жана оюн (ролдук-оюн) мүнөздөрү боюнча типологиялоодо чет тилинин жемиштүү грамматикасын окутууда биринчи жана экинчи топтогу долбоорлор, ал эми рецептикалык грамматиканы окутууда экинчи топтогу долбоорлор өзгөчө көңүл буруууга татыктуу.

Окуучуда телекоммунативдик байланышка кирүүнүн чыныгы мүмкүнчүлүгү мугалим, окуу боюнча өнөктөштөр («student-to-student», «classic-to-class»), ошондой эле тил алып жүрүүчүлөр менен («a pen pals via e-mail», «keypals») коммуникативдик байланышка кирген учурда пайда болот [3]. Мындай баарлашуу чет тилин компьютердик телекоммуникациялык тармактар аркылуу окутуу процессинин ажырагыс бөлүгү катары каралат жана маалымат телекоммуникациялык пикир алмашуунун ар кандай түрлөрү аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Буларга телеконференция, электрондук почта боюнча жеке кат алышуу, Chat (атайын электрондук бөлмө) режиминдеги аңгемелешүүлөрдү камтыган «The International E-Mail Tandem Network», «EVENT-SL» ж. б. сыяктуу каражаттарды мисал катары келтирүүгө болот.«The International E-Mail Tandem Network» алкагында практикалык иш жүргүзүү үчүн эң чоң кызыгууну төмөндөгү сайттар жараткандыгын белгилеп кетүү керек: http://cc/matsuvama-u.ac.ip/~markusvk, http://marvin.uni-trier.de/.EVENT-SL электрондук форумуна алдын ала жазылуу жолу менен «тирүү» баарлашуунун катышуучулары акыркы окуялар боюнча маалымат алмаша алышат (http://www.latrobe.edu. au.www/education/ sl/sl.htmí).On-line режиминде талкуулоо убакыт боюнча чектөөсүз жүргүзүлүшү мүмкүн. Төмөнкү дарек боюнча жайгашкан www.bravenet.com сайты өздүк Web-беттерин жана виртуалдык мейманканаларды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай сайттын бир үлгүсү болуп Dave's ESL Café (http://www.elscafe.com)саналат [6]. Ага мугалимдер, окуучулар, ошондой эле бүткүл дүйнө боюнча англис тилин өз алдынча окуп үйрөнүүчүлөр кайрылышат [1].

Тилдик (лингвистикалык) телекоммуникациялык долбоорлор таза тилдик (окутуучу), лингвистикалык жана филологиялык болуп бөлүнөт. Грамматикалык көндүмдөрдү (жемиштүү да, рецептивдик да) калыптандыруу учурунда артыкчылыктуу багыт тилди практикалык колго алууга багытталган таза тил (окутуу) долбоорлоруна ыйгарылат. Лингвистикалык долбоорлор окутуу процессинде тил өзгөчөлүктөрүн жана тилдик реалияларды үйрөнүүгө багытталган жана рецептивдик грамматикалык материалдар менен иштөөдө маанилүү ролду ойнойт. Филология долбоорлорунун курамдык бөлүктөрүнө: сөз этимологиясын изилдөө, адабий изилдөөлөр, тарыхий-

фольклордук көйгөйлөрдү изилдөө, чыгармачылык кирет. Булардын арасынан акыркысы гана тилдин грамматикалык жагын калыптандырууга жана өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошууга багытталган [2].

Оюн жана ролдук-оюн телекоммуникациялык долбоорлорутилди жемиштүү деңгээлде билүү жөндөмүн өнүктүрөт. Бул процесс тилдик материалды өздөштүрүүнүн эки деңгээлинде (колдонуу деңгээли жана чыгармачылык деңгээли) маданияттар аралык баарлашууну уюштуруу аркылуу жүзөгө ашырылат. Мазмундуу көз караш менен караганда оюн жана ролдук оюн долбоорлору окуучуларды элестүү, имитациялык-иштиктүү саякатка тартат, кесиптик, коммуникациялык жана драмалык, ошондой эле имитациялык-социалдык кырдаалдарды моделдештирет. Мында оюндун окутуу мүнөзү окуучуга байкалбайт [5].

Культурологиялык (өлкө таануу) телекоммуникациялык долбоорлор да продуктивдүү грамматикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүнү шарттайт. Мында тилди үйрөнүү маданият, тарых, этнография, география, экономика, саясат, өнөктөш өлкөлөрдүн мамлекеттик түзүлүшү, искусство, адабият, архитектура, элдердин салттары жана турмушу менен тааныштыруу максатында маданияттар аралык карым-катнашты уюштуруу аркылуу жогорураак деңгээлде жүзөгө ашырылат. Мындай учурда чет тили баарлашуу каражаты катары кызмат кылат. Табигый тил чөйрөсү жалгыз мүмкүн болгон коммуникация каражаты катары англис тилин колдонуу муктаждыгын калыптандырууга шарт түзөт.

Окутуунун орто баскычында телекоммуникациялык долбоорлор жана конференциялар мугалим тарабынан атайын уюштурулат. Айрым көндүмдөргө жана жөндөмдөргө ээ болуунун натыйжасында окуучулар Internet тарабынан сунуш кылынган эл аралык долбоорлорду табуу жана аларга өз демилгеси менен кошулуу, аларды кызыктырган темаларда ар кандай маселелерди талкуулоо үчүн эл аралык телеконференцияларга катышуу сыяктуу процесстерди өз алдынча ишке ашыра алышат. Активдүү билимдин жана продуктивдүү көндүмдөрдүн жана тажрыйбалардын жетишсиз учурларында окуучулар аталган иш-чараларга пассивдүү түрдө катыша алышат. Телекоммуникациялык долбоорлордун тематикасы абдан көп түрлүүлүгү менен айырмаланат. Тигил же бул теманы тандоо окутуу программаларынын алкагында, мектептин техникалык камсыздуулук деңгээлине, кесиптик артыкчылыктарына, окуучулардын жөндөмдөрүнө жана кызыкчылыктарына, ошондой эле бөтөн тилдүү билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине жараша билим берүү органдарынын түзүмдөрү же мугалимдер тарабынан аныкталышы мүмкүн.

Телекоммуникациялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча түзүмү бир топ татаал, анда төмөндөгү негизги этаптарды бөлүп кароого болот:

1. Координатор тарабынан жүргүзүлүүчү уюштуруу этабы (долбоорго техникалык, педагогикалык жана усулдук колдоо көрсөтүүнү уюштуруу);

2. Өнөктөштөрдү издөө этабы (кат жазышуунун башталышы, кызыкчылыктар чөйрөсүн аныктоо, көмөкчү маалыматтарды алуу);

3. Долбоордун башкы идеяларын тандоо жана талкуулоо этабы (максаттарды жана милдеттерди аныктоо, долбоорду ишке ашыруунун стратегиялары);

4. Методикалык маселелерди талкуулоо этабы, окуучулардын сабактык жана сабактан тышкаркы иштерин уюштуруу;

5. Долбоорду структуралаштыруу этабы (материалдарды тандоо, көмөкчү тапшырмаларды аныктоо);

6. Долбоордун үстүндө иштөө этабы (топтордун мүчөлөрүнүн ичинде тапшырмаларды иштеп чыгуу, жашырын тууралоо жана окуучуларга жардам берүү, маалымат алмашуу);

7. Жыйынтыктарды чыгаруу этабы (презентация жана долбоорду коргоо, иш боюнча отчет, пикир алмашуу, рефлексия).

Долбоордун үстүндө иштөөнүн так структурасын аныктоо жана аны ишке ашырууда сарамжалдуу мамиле мугалимдердин жана окуучулардын ишин натыйжалуу кылууга өбөлгө жаратат.

Англис тилин окутуу жараянын оптималдаштыруу тармактык технологияларды пайдалануу аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Бул милдетти чечүү алкагында алыстан башкаруу системалары деп аталган жана алыскы компьютерди башкарууга жана тармактык режимде анда программаларды аткарууга мүмкүндүк берген атайын программалык каражаттар ишке киргизилет. Мында Microsoft NetMeeting программасы өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. Ал колдонууда жөнөкөйлүгү, жагымдуу интерфейси жана жогорку ылдамдыгы менен айырмаланат.

Жогорку ылдамдык мындай программалык камсыздоолорду тандоодо чечүүчү мааниге ээ болуп саналат. Мындан тышкары, жабдууларга өзгөчө талаптар коюлбайт: программа Windows орнотулган ар кандай компьютерде иштей алат. Ар бир окуу аудиториясындагы модулдарды ишке киргизүү схемасы сабактардын мүнөзүнө көз каранды.

Англис тилин окутууга коммуникативдик-багытталган мамиле ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу формасы болуп эсептелет, анткени окуучулардын жигердүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатууга жардам берет жана чет өлкөлүк өнөктөштөр менен баарлашууда инсандын практикалык муктаждыктарына көп жагынан шайкеш келет. Тармактык технологияларды колдонуу окуучулардын кызыгуусун бир топ деңгээлде жогорулатат жана активдүү өз ара аракеттешүүнүн ыкмаларын диалогдук негизде натыйжалуу ишке киргизүүгө мүмкүндүк берет.

Тил ээлери менен түздөн-түз баарлашуу жана өнөктөштөр менен эркин пикир алмашуу табигый түрдө чет тилди үйрөнүүгө күчтүү мотивациялык дем берет, ар кандай тилдик жөндөмдөргө жана көндүмдөргө ээ болууга өбөлгө түзөт. Тилди алып жүрүүчүлөр менен баарлашуу, ал тургай телекоммуникациялык байланыш окуп жаткандарды тилдик предметтик-коммуникациялык ишке тартат, ошону менен тилди натыйжалуу өздөштүрүү үчүн эң ыңгайлуу шарттарды камсыздайт.

Компьютердик телекоммуникациялык тармактар аркылуу окутуу окуучуларга тил ээси болгон реалдуу өнөктөш менен баарлашууга жана чыныгы турмуштук кырдаалда болуу менен байланышта болуп, мындай кырдаалды ойлоп чыгарбай жана жасалма жол менен түзбөй туруп чет тилин үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Башкача айтканда, компьютердик телекоммуникациялык тармактар аркылуу окутуу процессинде чет тилин предметтик-коммуникациялык ишке түздөн-түз киргизүү мүмкүнчүлүгү пайда болот.

**Жыйынтык**

Окутуунун сунушталган түрлөрү маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен окуу процессинде каралган бардык функционалдык мүмкүнчүлүктөрдү комплекстүү пайдалануунун негизинде гана ал технологияларды чет тилдерди окутуунун салттуу методикасына түздөн-түз киргизүү жолу менен ишке ашырылышы мүмкүн. Чет тилдерди үйрөнүүдө жаңы инновациялых технологияларды пайдалануунун жардамы эч күмөнсүз жана англис тилинин грамматикасын окутууну жандуу чыгармачылык процесске айлантып берүүчү чоң педагогикалык потенциал болуп саналат. Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануунун башка жагы болуп компьютердик контролдоо жана грамматикалык машыгуунун калыптануу деңгээлин диагностикалоо.

**Колдонулган адабияттар:**

1. **Израйилова, А.А.** Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын орто мектеп окуучуларынын психологиясын калыптандыруудагы орду [Текст] / А.А.Израйилова // Наука новые технологии и инновации Кыргызстана.- 2021.- № 4.- С. 317-322.
2. **Тилекова, Н.Д.** Педагогическое содержание и формы обучения восточному художественному наследию [Текст] / Н.Д.Тилекова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2016. - № 1 (49).- С. 107-114.
3. **Сыдыкбаева, Б.Ш.** Структурные особенности придаточных предложений в английском и кыргызском языках [Текст] / Б.Ш. Сыдыкбаева // Вестник Кыргызского Национального универ. им. Ж. Баласагына.- Б.: КНУ, 2019. - № 4 (100).- С. 85-89.
4. **Камчибекова, З.К.** Особенности использования соревнований в жизни студентов [Текст] / З.К. Камчибекова, А.М. Мадаева // Alatoo Academic Studies.-2019.- № 3. - С. 26-31.
5. **Израйилова, А.А.** Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануунун педагогикалык жана уюштуруу –методикалык шарттары [Текст] / А.А. Израйилова // Известия ВУЗов Кыргызстана.- Бишкек, 2021.- № 2.- С. 267-272.
6. **Тыныбекова, Ч.А.** Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен англис тилинин окутулушу [Текст] / Ч.А. Тыныбекова // Вестник Ошского государ. универ.- Ош: ОшГУ, 2021.- Т.1. - № 4.- С. 367-375.
7. **Тилекова, Н.Д.** Литературное обозрение как фактор формирования профессиональной культуры студентов [Текст] / Н.Д.Тилекова // Наука. Образование.Техника.-Ош: КУУ, 2018.- №3.- С.44-52.

DOI:10.54834/16945220_2021_1_186

Поступила в редакцию 06. 04. 2022 г.